УДК 371.4
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-69-74

**ЖУМАТАЕВА А.С., НАЗАРБЕКОВА Б.Ж., ТӨРӨБАЕВА М.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ЖУМАТАЕВА А.С., НАЗАРБЕКОВА Б.Ж., ТОРОБАЕВА М.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**JUMATAEVA A.S., NAZARBEKOVA B.J., TOROBAEVA M.A.**
KNU J. Balasagyn

# УЛГАЙГАН АДАМДАРГА СЫЙ-УРМАТ МАМИЛЕ ЖАСООГО ЖЕТКИЛЕҢ ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ТАРБИЯЛООНУН МОДЕЛИ

## МОДЕЛЬ ВОСПИТАНИЯ У СТАРШИХ ПОДРОСТКОВ УВАЖИТЕЛЬНОГО ОТНОШЕНИЯ К ПОЖИЛЫМ ЛЮДЯМ

## MODEL OF UPBRINGING IN OLDER ADOLESCENTS RESPECT FOR ELDERLY PERSONS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макала улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого жеткилең өспүрүмдөрдү тарбиялоонун моделин изилдейт. Себеби бүгүнкү заманбап доордо кыргыз коомунда ааламдашуу кыргыз коомунун муундар аралык мамилесине да өтө тереңинен таасир берип, кыргыздын салттуу улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, аялга болгон мамиле улууга, кызга болгон мамиле сыяктуу мамилелерди дагы толугу менен түп тамыры менен өзгөртүп жатат. Макаланын негизин түзгөн курамы бири-бири менен тыгыз байланышкан: концептуалдык, мазмундук, ишмердүүлүктү-уюштуруучулук, технологиялык жана натыйжалуу-диагностикалык деп аталган беш модель анализге алынды. Ал эми улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого жеткилең өспүрүмдөрдү тарбиялоонун моделин иштеп чыгуудагы негизги методологиялык багыттарды жалпылоодо тарбияны уюштуруунун өзөктүү принциптери аныкталды. Макалада фальклордук багыттагы адабияттардын обзору жасалды, жергиликтүү эпос жана санжыралар, макалалар анализделди. Сунушталып жаткан моделдин методологиялык блогунда иштелип чыккан улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого тарбиялоонун негизги максаттары тарбиялык ишмердүүлүктүн мазмунунун өзөгүн түздү.

**Аннотация:** В данной статье исследуется модель воспитания у старших подростков уважительного отношения к пожилым людям. Поскольку сегодняшний процесс глобализации глубоко изменил отношения между поколениями в кыргызском обществе, уважение к старшим, уважение к младшим, отношение к женщинам, сыновьям и дочерям вышло из традиций. Традиционная форма межпоколенческих отношений, положенная в основу статьи, проанализирована на основе пяти моделей, тесно связанных между собой: концептуальная, содержательная, деятельностно-организационная, технологическая и эффективно-диагностическая.Ключевые принципы организации обучения были определены в обобщении основных методических направлений разработки модели воспитания у подростков уважительного отношения к пожилым людям. В статье проводится обзор фольклорной литературы, анализируются статьи. Основные задачи воспитания уважительного отношения к пожилым людям, сформулированные в методологическом блоке модели, легли в основу отбора содержания воспитательной деятельности.

**Abstract:** This article examines the model of educating older adolescents to respect the elderly. Since the current process of globalization has profoundly changed the relations between generations in Kyrgyz society, respect for the elders, respect for the younger, attitudes towards women, sons and daughters came out of tradition. The traditional form of intergenerational relations, which is the basis of the article, is analyzed on the basis of five models of which are closely related to each other: conceptual, meaningful, activity-organizational, technological and effective-diagnostic. The key principles of the organization of training were defined in the generalization of the main methodological directions for the development of a model of upbringing in adolescents a respectful attitude towards the elderly. The article provides an overview of folklore literature, analyzes the articles. The main tasks of fostering a respectful attitude towards

the elderly, formulated in the methodological block of the model, formed the basis for the selection of the content of educational activities.

**Негизги сөздөр:** улуттук каада-салттар; билим берүү; этнопедагогика; улуу жана жаш муундар; сый мамилеси; модель; педагогикалык принциптер.

**Ключевые слова:** национальные обычаи; воспитание; этнопедагогика; старшее и младшее поколения; уважительное отношение; формы проявления; педагогические условия.

**Keywords:** national customs; education; ethnopedagogy; older and younger generations; respectful attitude; forms of manifestation; pedagogical conditions.

Улгайган курактагыларга сый мамиле жасоо көптөгөн аныктоочу факторлор менен шартталган көп аспектүү, интегративдүү билим берүү болуп саналат, ошондуктан инсанды ушул сапатка тарбиялоону кандайдыр бир бүтүн системалуулук катары түшүнүү зарыл. Бул системаны негиздөө үчүн, ошондой эле далилдене турган гипотезаны верификациялоо максатында улуу муундардын өкүлдөрүнө сый-урмат мамиле жасоого жетикелең өспүрүмдөрдү тарбиялоонун модели иштелип чыккан.

Ушул жаштагы өспүрүмдөрдү тандап алуу көптөгөн изилдөөчүлөрдүн ой-пикирлери менен шартталган, анткени дал ушул мезгилде улгайган адамдарга болгон терс маанайдагы мамилелер көбүрөөк байкалат [4; 5; 6; 8]. Мына ушуга байланыштуу ортоңку звенодогу окуучуларда карылык курак туурасында жакшы ой-пикирлерди калыптандыруу жана улгайган адамдарга карата сый мамиле жасоого тарбиялоо боюнча максаттуу иш-аракеттерди жүргүзүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Изилдөөчүлөрдүн негизинде Ю.Ю. Шкарина улуу муундардын өкүлдөрүнө түшүнбөөчүлүк, кыжырдануу жана кайдыгер мамиле жасоо мүнөздүү болгон 14-16 жаштагы жетилип калган улан-кыздарга карыларга болгон боорукерлик сезимин калыптандырууга жетишээрлик көңүл буруу зарылчылыгы жөнүндө өз оюн айтып келет [4].

Өспүрүмдөр менен улгайган адамдардын ортосундагы диалогду орнотуу Е.В. Ермолаева тарабынан негизделген. Автор, өспүрүмдөр өздөрүнүн чоң-ата, чоң-энелери менен өтө тыгыз генетикалык байланышта, жакындыкта экендигине карабастан, алардан өтө тездик менен алыстоодо деп белгилейт. «Тилекке каршы бул эки муундун өкүлдөрү тең бири-бирине кандай жакын экендиктерин түшүнүшпөйт. Өспүрүм куракты жана карылыкты бириктирген нерсе бул эки муундун өкүлдөрүнүн кризиси деп аталат. Бул экөөнө карама-каршылык мүнөздүү, себеби баардык эле кризистин ядросу келишпестик болуп саналат. Ошону менен бирге, бул эки курак үчүн терең биологиялык өзгөрүүлөр жана коом менен болгон мамилелердеги татаалдыктар мүнөздүү» [1].

М.И. Постникова дагы өспүрүм курактагы муундар ортосундагы конструктивдүү мамилелердин түзүлүшүн машакаттуу мезгил деп эсептейт. Тарбиялык өңүттөн караганда бул куракты автор стратегиялык керектүү учур деп белгилейт, анткени аталган курак баардык эле терс көрүнүштөрдү гана эмес, келечектеги жашоону тандоодо жардам бере турган маданий баалуулуктарды бат кабыл алууга жөндөмдүү. Ушул этапта улуу муундун өкүлдөрү менен болгон турмуштук тажрыйба алмашуу өспүрүмгө келечектеги жашоо жолун тандап алууга, өзүнүн жекече баалуулуктар системасын, этикалык өздүк аң-сезимин калыптандырууга жардам берет [7].

Ушуга байланыштуу улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоо тарбиясынын иштелип чыккан модели биринчи кезекте 13-16 жаштагы өспүрүмдөр менен тыгыз мамиледе болууга багытталган.

Педагогикалык моделдөө тарбия процессин ирээтке келтирүүгө жана аны ачык-айкын көрүүгө, ошондой эле билим берүүнү уюштуруунун айкындыгында сабактан сырткаркы ишмердүүлүктүн алкагында ийгиликтүү тарбиялык иш-аракеттердин шарттарын аныктоого мүмкүндүк берет. Бул моделдин иштөө функцияларынын чектеринин көрсөтүлүшү жалпы билим берүү уюмдарында гана эмес, кошумча билим берүү, маданий эс алуу мекемелеринде да аны колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусуну камсыз кылуу үчүн киргизилген.

Моделдин курамы бири-бири менен тыгыз байланышкан: концептуалдык, мазмундук, ишмердүүлүктү-уюштуруучулук, технологиялык жана натыйжалуу-диагностикалык деп аталган беш бөлүктөн турат.

Моделдин баштапкы концептуалдык блогу максаттуу жана методологиялык компоненттер менен сунушталган.

Педагогикалык моделдин максаттуу компонентинин өзөгүн тарбиялык иштин жалпыланган максаты түзөт, бул өзүнө тарбиялануучулардын геронтологиялык билимдеринин системасынын калыптанышын, муундар аралык мамилелердин оң маанайга багытталышын жана улгайган адамдар менен баалуулуктардын негизинде карым-катнаш түзүүнү камтыйт [10]. Аталган педагогикалык максат төмөндөгү милдеттердин системасын чечүү менен ишке ашырылат:

- карылык мезгил, анын көйгөйлөрү жана өзгөчөлүгү, ошондой эле улгайган адамдар менен социалдык-маданий, социалдык-педагогикалык иштерди жүргүзүү жөнүндө системдүү ой-пикирлерди калыптандыруу;
- үй-бүлөөнүн тарыхы жана кыргыздардын элдик маданиятындагы улууларга болгон сый-урмат жөнүндөгү түшүнүктөрдү, билимдерди кеңейтүү;
- окуучулардын келечектеги жаш курактары жөнүндөгү маселелерди актуалдаштыруу (өзүнүн жашоосундагы улгайган курагындагы мезгилге туура багыт берүү, карылык мыйзам ченемдүү көрүнүш жана ал курак адамдын жашоосундагы эң маанилүү учур экендигин өспүрүмдөргө өтө кылдаттык менен туура түшүндүрүү);
- окуу-тарбия процессинен тышкаркы учурларда муундар аралык мамилелерге балдардын аяр, жылуу, оң маанайда болуусун калыптандыруу.

Методологиялык компонент улгайган адамдарга карата сый мамиледе болууга тарбиялоону уюштуруунун негизги жоболорун жана принциптерин өзүнө камтыйт.

Улгайган адамдарга сый мамиле жасоого тарбиялоонун методологиялык моделин иштеп чыгуу үчүн тарбияны өркүндөтүү үчүн иштелип чыккан системдүүлүк, ишмердүүлүк, гумандуулук, инсандын өнүгүүсүнө багыттоо жана маданий ыкмаларадын негизги жоболору методологиялык негиз катары кызмат аткарышты.

Системдүү иликтөөгө басым жасоо тарбия процессин тарбиялоонун формаларын, ыкмаларын, мазмунун жана максатын өзүнө камтыган бири-бирине эриш-аркак байланыштыгы жана бири-биринен көз каранды болгон компоненттердин системасы катары изилдөөгө мүмкүндүк берет. Дагы айта кетчү нерсе бул системдүү иликтөө окуучулардын баалуулуктардын негизинде калыптануучу сапаттарына таасир тийгизген айлана-чөйрөнүн, социалдашуунун көптөгөн субъектилеринин жана тарбия процессинин ар кандай факторлорун эсепке алууга шарт түзөт.

Бул моделди иштеп чыгуудагы негизги методологиялык багыттарды жалпылоодо тарбияны уюштуруунун өзөктүү принциптери аныкталды жана ушул моделге ылайыкталып шарттуу түрдө жалпы педагогикалык жана спецификалык деген эки топко бөлүндү.

Жогоруда айтылган жалпы педагогикалык принциптерге төмөндөгүлөр кирет:

- билгичтүүлүк жана активдүүлүк принциби,
- тарбиялык таасир этүүлөрдүн биримдиги принциби,
- тарбия ишмердүүлүгүнүн гумандуулук багыты принциби,
- тарбия ишмердүүлүгүнүн демократиялык мүнөзү принциби,
- маданий айкалыштуулук принциби.

Сунушталып жаткан моделдин методологиялык блогунда иштелип чыккан улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого тарбиялоонун негизги максаттары тарбиялык ишмердүүлүктүн мазмунунун өзөгүн түздү.

Моделдин мазмундук блогу улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоону карылык курактын баалуулуктарын, улуу муундардын тажрыйбасын, коомго сиңирген эмгегин жылуу эмоция жана улуу адамдар менен мамиле түзүүнү оң маанайда кабыл алууну, ошондой эле улгайган адамдарга болгон камкордук жана көмөктөшүү алардын жаш курагынын социалдык психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүү ар бир жаш өспүрүмдүн кыймыл-аракетинде байкалып туруусун мүнөздөгөн инсанга интегративдүү билим берүү катары түшүнүүгө негизделген.

Улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого тарбиялоо боюнча иштелип чыккан педагогикалык ишмердүүлүктүн мазмунунда төмөндөгү базалык компоненттер камтылган: когнитивдик, аффективдик жана жүрүм-турумдук.

Когнитивдик компонентти иш жүзүнө ашыруу окуучулардын ар кандай геронтологиялык билимдерди өздөштүрүүсү, улгайган адамдар менен баарлашуунун нормаларын, аларга болгон сый мамилелердин формаларын билүүсү; карылардын жаш курагынын негизги өзгөчөлүктөрүн, алардын көйгөйлөрүн, кыйынчылыктарын так

аныктоосу; улуу адам коом үчүн маанилүүлүгүн, улуу муундардын социалдык тажрыйбасынын баалуулугун түшүнүүсү; үй-бүлөдө жана социумда муундар аралык байланыштын зарылдыгын сезүүсү; үй-бүлөлүк салт-санааларды, тарыхты унутпоосу менен шартталат [9].

Аффективдүү компонент окуучулардын улуу муундарга болгон кызыкчылыгын, жагымдуу мамилелерин, эмоционалдык жактан боорукерлигин, карылардын кайгы-капасына тең-орток болуусун, ар бир карыган адамда улгайган жаш куракттын өкүлүн гана көрбөстөн, өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашы, жөндөмдүүлүгү, жашоо тажрыйбасы, басып өткөн тарыхый жолу бар кайталангыс инсанды көрө билүүсүн өнүктүрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө багытталган.

Тарбия ишмердүүлүгүнүн мазмунунун жүрүм-турумдук компоненти баарлашуунун ар кандай нормаларын, муундар аралык карым-катнаштын ар кандай кырдаалдарындагы жүрүм-турумдун стратегияларын, чоң-ата, чоң-энелер, улгайган курактагы тууган-уруктар, педагогдор жана бей тааныш адамдар менен түзүүнү өздөштүрүүнү жөнгө салып турат. Көңүл буруучу нерсе муундар аралык карым-катнаш түзүүдөгү окуучулардын топтогон тажрыйбасы, себеби ал дайыма анализге алынып турат жана жүрүм-турумдардын жаңы үлгүлөрүн өздөштүрүүдө негиз боло алат.

Методологиялык жоболор жана тарбия ишмердүүлүгүнүн багыттары анын (моделдин) уюштуруу-технологиялык блогунун негизги компоненттеринин мазмунун аныктады. Маселен, тарбия иштеринин методдору катары тарбиянын технологиялары жана интерактивдүү ыкмалар тандалып алынды: социалдык-психологиялык тренинг, дискуссия, видеофрагменттерди талкуулоо жана драмалаштыруу, ролдорду ойноонун элементтери, тегерек столду өткөрүү, жамааттык-чыгармачылык иш-аракеттерди уюштуруу, диалогдун негизинде үйрөтүү иштери, рефлексивдүү технологиялар ж.б.у.с.

Иштелип чыккан моделдин кийинки бөлүгү болуп технологиялык блок саналат, анда тарбия ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн жана улгайган адамдарга сый мамиле жасоого тарбиялоо боюнча педагогикалык ишмердүүлүктүн технологиясын камсыз кылуучу негизги педагогикалык шарттар каралган.

Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды, ошондой эле кары адамдардын социалдык абалына жана муундар аралык тематикага арналган психологиялык, социологиялык изилдөөлөрдү анализдөөнүн негизинде биз, улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого тарбиялоо процессин оптималдаштырууга мүмкүндүк берген педагогикалык шарттарды аныктадык.

Бул изилдөөнүн рамкасында биз Н.М. Борыткону аныктамасын колдойбуз, анткени ал педагогикалык шарттар тигил же бул мерчемде педагог тарабынан атайылап көзөмөлгө алынган, белгилүү бир оң жыйынтыкка алып келүүчү педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасир эткен сырткы жагдайларды түшүнөт [2].

Бул изилдөөдө сунушталып жаткан моделдин эффективдүү иштешин камсыз кылуу үчүн төмөндөгү шарттарды сактоо зарыл:

Муундар аралык карым-катнашты тескөөгө жана уюштурууга педагогдорду адистик – инсандык жактан даярдоо. Себеби, баалуулуктарга негизделген муундар аралык мамилени уюштуруу шексиз түрдө сабаттуу педагогикалык коштоону талап кылат. Ошону менен бирге эле муундар аралык байланыштын түзүлүшүнө болгон педагогикалык жамааттын даярдыгы, биздин оюбузча улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого окуучуларды эффективдүү тарбиялоонун негизги шарттарынын бири болуп саналат.

Бул айтылган технологияны ишке ашырууда жыйынтыктоо-диагностикалык блок чоң мааниге ээ, анткени ал тарбия процессинин жыйынтыктары жөнүндө так жана толук маалымат алууга мүмкүндүк берет. Ал өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- тарбия процессинин алынуучу жыйынтыктарды сүрөттөп жазуу;
- улгайган адамдарга сый мамиленин көрсөткүчтөрү жана компоненттери;
- кары адамдарга урмат-сый мамиле жасоонун калыптануусунун деңгээли;
- окуучулардын жашы улгайган адамдарга болгон мамилелеринин баштапкы жана жыйынтыктоочу диагностикасынын каражаттары.

Жогоруда айтылгандарды жалпылоонун натыйжасында төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот, билим берүүнү уюштуруу шарттарында улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого тарбиялоонун модели тандалып алынган багытта максаттуу

ишмердүүлүктү уюштуруунун мүмкүн болгон ыкмаларын чагылдыра алат, тарбиянын эффективдүүлүгүн жогорулатууну камсыздайт, муундар аралык алаканын шайкеш келүүсүнө жана жергиликтүү коомчулуктардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Ермолаева М.В. Дети и пожилые: диалог через поколение // Мир психологии, 2010, №1, с. 121-128.

2. Борытко Н.М. В пространстве воспитательной деятельности: монография / науч. ред. Н.К. Сергеев. – Волгоград: Перемена, 2001, 181 с.

3. Акматалиев А. Неиссякаемые достояния кыргызов. – Бишкек: Шам, 2000, 221 с.

4. Шкарина Ю.Ю. Социокультурный анализ взаимодействия пожилых людей и молодёжи: дис. ... канд. соц. наук: 22.00.06. – Курск, 2007, 130 с.

5. Микляева А.В. Возрастная дискриминация как социально-психологический феномен: монография. – СПб.: Речь, 2009, 163 с.

6. Петрова Т.А. Динамика отношения к старости у молодежи в процессе практики межпоколенного взаимодействия: дисс. ... канд. псих. наук: 19.00.05. – Санкт-Петербург, 2008, 169 с.

7. Постникова М.И. Психологическое знание как фактор оптимизации межпоколенных отношений // Известия РГПУ. Психолого-педагогические науки, 2009, №100, с. 65-77.

8. Постникова М.И. Психологические аспекты межпоколенных отношений в контексте современного научного знания // Мир психологии, 2009, №3, с. 176-184.

9. Жуматаева А.С., Назарбекова Б.Ж., Мураталиева П.М. Заманбап мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги тарбия иштеринин методдору // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2024, № 3(114), 136-138 б.

10. Жуматаева А.С., Назарбекова Б.Ж., Джурсуналиева Н.Дж. Мураталиева П.М. Кенже мектеп окуучуларын элдик педагогика аркылуу адептик жактан тарбиялоо жөнүндө. // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2024, № 3(114), 142-148 б.

**Рецензент: к.п.н., доцент Абыдракунова Ж.С.**